Корпоративдик карт-эсепти тейлөө жана жүргүзүү боюнча
Банктык кызмат көрсөтүүлөргө карата
№1 тиркеме

## Карточканы колдонуунун эрежелери

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - КРУБ) ченемдик актыларына, «Халык Банк Кыргызстан» ААКнын (мындан ары - Банк) ички ченемдик документтерине, эл аралык төлөм системаларынын иштөө эрежелерине ылайык, юридикалык жактар жана жеке ишкерлер үчүн чыгарыла турган корпоративдик төлөм карточкаларын чыгаруунун жана тейлөөнүн тартибин жана шарттарын, ошондой эле көрсөтүлгөн төлөм карточкаларын колдонуу менен аларга жетүүгө боло турган, банктык эсептерди ачуу, жүргүзүү жана жабуу боюнча айрым милдеттерди аныктайт.

1.2. Ушул Эрежелер бардык Карта Кармоочулар үчүн типтүү болуп саналат жана Банк менен юиридкалык жактын ортосунда түзүлө турган, банктык төлөм карталарын чыгарууга жана тейлөөгө карата келишимдин (мындан ары – Келишим) жоболорун жана шарттарын аныктайт.

1.3. Келишимди түзүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ушул Эрежелерге юридикалык жактын кошулуусу жолу аркылуу жүргүзүлөт. Келишимди түзүү максатында Банкка юридикалык жак Банк тарабынан бекитилген форма боюнча банктык Төлөм Картасын чыгарууга карата анкета-арызын толтуруп берет.

1.4. Ушул Эрежелерге кошулган Карта кармоочу ушул Эрежелерде каралган бардык милдеттерди өзүнө кабыл алат.

1.5. Ушул Эрежелер жана Банктын Тарифтери Банктын www.halykbank.kg расмий сайтына, ошондой эле Карта кармоочуларды тейлөөчү Банктын бөлүмдөрүнүн тактайчаларына жайгаштырылат.

1.6. Картанын колдонулуу мөөнөтүнүн аяктоосу Банк үчүн Карт-эсепти жабууга негиз болуп саналат.

### 2. Атоолордун (Терминдердин) сөздүгү

2.1. *Авторизация* – электрондук түзүлүштөр аркылуу Карточканы колдонуу менен төлөм жүргүзүүгө карата Банктын уруксаты.

2.2. *Банк* – «Халык Банк Кыргызстан» ААК.

2.3. *Банкомат* – электрондук-механикалык түзүлүш, ал Карточка боюнча накталай акчаларды автоматташтырып берүү жана кабыл алуу жана Эсеп боюнча накталай эмес жүргүзүлгөн төлөмдөр боюнча маалымат берүү үчүн дайындалган.

2.4. *Банктык күн* – бул Кыргыз Республикасынын банктары жергиликтүү убакыт боюнча саат 9:00 дөн 16:00 чейин операцияларды жүргүзүү үчүн ачык күндөр жана ишемби, жекшемби жана расмий майрам күндөрүнөн башка күндөргө туура келе турган күндөр.

2.5. *Карточкага бөгөт коюу* – карточканы колдонуу менен карточкалык операцияларды жүргүзүүгө карата толук же убактылуу тыюу салуу.

2.6. *Көчүрмө* – эсеп боюнча Банк тарабынан түзүлө турган жана эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар чагылдырылган көчүрмө. Көчүрмөдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

– кредиттик лимиттин өлчөмү;
– эсептеги акчалардын калдыгы же мезгилдин башына жана аягына карата карыздын өлчөмү («-» белгиси менен көрсөтүлөт);
– карточкалык операциялар жөнүндө маалыматтар;

– төлөп берүүлөрдүн жана эсептен чыгаруулардын, анын ичинде кардардын тапшырмасы боюнча банктык операциялардын кыскача баяндамасы; карызы бар болсо, төлөп тындыруунун талап кылынган датасы көрсөтүлөт.

2.7. *Карточканы чыгаруу* – Карточканы берүү жөнүндө Келишиминин негизинде аны кармоочуга карточканы чыгаруу жана берүү каралган банктык операция.

2.8. *Карточка кармоочу* – жеке жак – жана же корпоративдик төлөм карточкасынын карточкалык базасында эсеп жана тейлөө келишимине же ушул Эрежелерди ишке киргизүүгө чейинки колдонуудагы келишимдин формалары боюнча келишимине ылайык карточка менен пайдаланууга укугу бар кардардын ыйгарым укуктуу өкүлү.

*2.9.* Корпоративдик карт-эсепти тейлөө жана жүргүзүү боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөргө карата *Келишими (мындан ары - келишим)* – эсеп ачуу, карточканы чыгаруу жана тейлөө шарттарын жөнгө салуучу, Банк менен кардардын ортосунда түзүлө турган, бекитилген формадагы келишим.

2.10. *Карточканы алмаштыруу – мурдагы эски карточканын ордуна карт-эсеп боюнча жаңы карточка берүү каралган операция.*

2.11. *Карточка алууга карата арыз – карточка чыгарып берүү үчүн кардар тарабынан толтурулуп жана Банкка бериле турган, бекитилген формадагы арыз.*

2.12. *Карточкалык база – карта кармоочулардын борборлоштурулган карточкалык базасы. Карта кармоочулар тарабынан жүргүзүлө турган бардык карточкалык операциялар карточкалык базада чагылдырылат. Карточкалык базанын системалык жактан коштоосу өзүнчө башка программа менен жүргүзүлөт.*

2.13. *Карточкалык операция – товарлардын жана кызматтардын акысын төлөө, накталай акча каражаттарды алуу, банкоматтын жардамы менен эсеп боюнча көчүрмөлөрдү алуу, бажы төлөмдөрүнүн акысын төлөө, эсепке акчаларды которуу жана Банк тарабынан аныкталган жана анын шарттарында карточканы колдонуу менен жүргүзүлө турган башка операциялар.*

2.14. *Кардар – Банк менен келишим түзгөн жана эсептин ээси болуп саналган юридикалык жак – резидент/резидент эмес жана анын обочолонгон бөлүмү (филиалы же өкүлчүлүгү), чет элдик дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүк, дыйкан, фермердик чарбалар, жеке ишкер, нотариус, адвокат, жеке соттук аткаруучу.*

2.15. *Байланыш борбору (Контакт борбору) – маалыматтык-консультациялык кызматтарды көрсөтүү, анын ичинде эсептин балансы, операциялардын деталдары, карыздар, кредиттик лимит, карточканы чыгаруу/алмаштыруу жөнүндө маалыматты үн боюнча авторизациялоону жана милдеттерди аткарууну, ошондой эле кардардын байланыш маалыматтарын өзгөртүүлөрдү жургүзө турган, Банктын болгон жана потенциалдуу кардарларынын телефондук чакырууларын, электрондук жана жазуу түрүндөгү кайрылууларын тейлөө кызматы.*

2.16. *Корпоративдик төлөм карточкасы (мындан ары - карточка) – эсептин ээси – кардардын жана эмитенттин ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде кардардын ыйгарым укуктуу өкүлүнө бериле турган төлөм карточкасы. Корпоративдик төлөм карточкасын колдонуу менен жүргүзүлө турган төлөмдөр эсептеги акчалардын суммасынын чегинде жана/же ошол кардарга берилген кредиттин лимитинин суммасынын чегинде жүргүзүлөт.*

2.17. *Кардардын жоопту кызматчылары – кардардын ишеним катынын негизинде ал иштерди жургүзүүгө карата ыйгарым укуктары берилген, кардардын кызматчылары саналат, аларга:*

*- карточкаларды чыгаруу/берүү/кредиттик лимиттерди түзүү/өзгөртүү үчүн документтерди Банкка берүү;*

*- карточкаларды чыгарууга карата арыздардын/кредиттик лимиттерди түзүүгө карата арыздардын туура толтурулгандыгын күбөлөндүрүү;*

*- кардардан алынган ишеним кат боюнча аларды кийин карточка кармоочуга берүү үчүн Банктан карточканы жана ПИН-конвертти алуу;*

*- акчаларды эсептерге/карта кармоочулардын карточкаларына которуу жана эсеп боюнча көчүрмөлөрдү алуу үчүн тизмелерди Банкка берүү;*

*- эсептерге акчаларды которуунун тартибин жөнгө салуучу Банктын ички ченемдик документтерине ылайык, ошондой операцияны жүргүзүүгө мүмкүндүгү бар Банктын кассаларында эсепти накталай акчалар менен толуктоолорду жүргүзүүгө.*

2.18. *ПИН-код – персоналдуу идентификациялык номер, чапталган конверттин ичиндеги ПИН-коду жазылган кошумча барагы менен карточканы (виртуалдуу карточкадан башка) алуу учурунда карточка кармоочуга таандыкталып бериле турган жана карточканы кармоочуну идентификациялоо үчүн дайындалган, төрт белгиден турган купуялуу (жашыруун) код.*

2.19. *ПИН-конверт – чапталган конверттин ичиндеги ПИН-коду жазылган кошумча барагы менен карточканы (виртуалдуу карточкадан башка) алуу учурунда карточка кармоочуга бериле турган атайын чапталган конверт.*

2.20. *Карточканы колдонуунун эрежелери – келишимдерде колдонула турган негизги терминдерди (аныктоолорду), карточканы берүүнүн, сактоонун, бөгөт коюунун, алмаштыруунун, ошондой эле карточканы колдонууга байланышкан башка иш-аракеттердин тартибин аныктоочу эрежелер. Карточканы колдонуунун эрежелери Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

2.21. *Эсеп – операцияларды аткаруу үчүн келишимдин негизинде кардарга Банк тарабынан ачыла турган банктык эсеп (карточкалык базадагы күндөлүк эсеп).*

2.22. *Төлөм карточкаларынын системасы – төлөм карточкаларынын ушул системасынын ички эрежелерине ылайык карточкаларды колдонуу менен төлөмдөрдү жүргүзүүнү камсыз кылуучу программалык-техникалык каражаттардын, документациялардын жана уюштуруучу-техникалык иш-чаралардын жыйындысы. Төлөм карточкаларынын системасынын Карточкасы менен колдонуунун ушул Эрежелери (мындан ары - Эрежелер) болуп: Элкарт локалдуу төлөм системасы жана Visa International эл аралык төлөм системалары саналат.*

2.23. *Коопсуздук кызматы – экономикалык, ички жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча контролдоону жүргүзүүчү Банктын түзүмдүк бөлүмү.*

2.24. *Тарифтер – сыйлык акы төлөөнүн датасына карата колдонуудагы карточкалар боюнча Банк тарабынан көрсөтүлө турган кызматтарга карата Банктын ыйгарым укуктуу органы тарабынан бекитиле турган тарифтери.*

2.25. *Банктын ыйгарым укуктуу органы/ыйгарым укуктуу жак – карточкаларды чыгаруу жана тейлөөгө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча туруктуу иштей турган коллегиалдуу орган же толук ыйгарымдуу укуктарына ээ болгон Банктын ыйгарым укуктуу жагы.*

2.26. *Фродо-кооптуу өлкөлөр – карточкалар боюнча көз боемочулуктун тобокелдиги жогору болгон өлкөлөр. Фродо-кооптуу өлкөлөрдүн курамына Банк тарабынан киргизилген өлкөлөрдүн тизмеси Банктын расмий сайтында жайгаштырылат. Фродо-кооптуу өлкөлөрдүн тизмесиндеги өзгөрүүлөр Банктын расмий сайтында жайгаштырылат.*

2.27. *Эмитент – төлөм карточкаларын чыгарууну жүргүзүүчү Банк. Ушул Эрежелер боюнча Эмитент «Казакстан Эл Банкы» АК/МПЦ болуп саналат.*

2.28. *ALERT – көз боемочулар тарабынан ошол карточкалардын купуялуулугу (карточканын номери, колдонулуу мөөнөтү, айрым учурлдарда ПИН-код) ачылгандыгы жөнүндө Visa/MasterCard төлөм системаларынан түшкөн тревога сигналдары, билдирүүлөрү, ушундай билдирүүлөр алынгандан кийин карточкаларга дароо бөгөт (блок) коюлат.*

2.29. *POS-терминал («POS» – соода/сервистик пункт – «Point of sale» деген англис тилиндеги кыскартылган сөздөр (аббревиатура)) – авторизация жана операция боюнча төлөм документтерин толтуруп даярдоону автоматташтыруу максатында колдонула турган электрондук түзүлүш (жабдык).*

2.30. *SMS-билдирүү – кардардын мобилдүү телефонунан Банкка же Банк кардардын мобилдүү телефонуна мобилдүү байланыш оператору аркылуу жөнөтө турган тексттик билдирүү.*

## 3. Карточканы берүүнүн жана сактоонун тартиби

3.1. Банк даярдалган карточканы жана ПИН-конвертти түз аны кармоочуга же карточканы жана ПИН-конвертти Банктан алууга карата ыйгарым укуктуу жооптуу кызматчыларга берет. Карточканы алуу учурунда анын кармоочусу карточканын арткы бетинде ал үчүн атайын каралган тилкесине кол коет.

3.2. Карточканы башка жактардын колдонуусуна берүүгө тыюу салынат. Карточка, ага ыйгарым укугу жок жак тарабынан берилсе, ал андан алынып коюга жатат.

3.3. Карточканын арткы бетинде, анда коддолгон маалыматы менен магниттик тилке жайгаштырылган. Ага жагымыз факторлордун таасирин тийгизүүгө жол берилбейт: алар магниттик тилкедеги жазуулардын бузулушу мүмкүн боло турган жана авторизациялоонун автоматташтырылган режиминде карточкалык операцияларды жүргүзүүгө мүмкүн эмес болгон учурга алып келе турган (дисплейлер менен жакын жайгаштырууга, магниттештирлген же магнит камтылган буюмдар, мисалы, ачкычтар, магниттик бекиткичтери менен сумкалар), механикалык бузулуулар (чийилгендер, кирдегендер, ысып кетүү, мисалы, күн нурлары аркылуу) жана у.с. электромагниттик тилкелерге терс факторлордун таасирлерин тийгизүүгө жол берилбейт.

3.4. Микропроцессордук карточканын бет жагында дагы анда коддолгон маалыматы менен интегралдык микросхема жайгашкан. Интегралдык микросхема электромагниттик талаачалардын жана атмосфералык таасирлеринин кесепетинен бузулбайт.

3.5. Карточканы футлярда же портмонеде сактоо керек, аны менен колдонууда аларды катуу күчтөрдүн таасирлеринен сактоо керек.

3.6. Карточканы коопсуздук максаттарында чыгаруу учурунда чыгыштоо операцияларына бөгөт (блок) коюлат. ПИН-кодду терип алуу менен биринчи операцияны жүргүзүү учурунда ал автоматтык түрдө бөгөттөн чыгат.

## 4. Код сөзү

4.1. Карточканы чыгарууга карата арызды толтуруу учурунда кардар «Код сөзү» деген пунктун толтурат.

4.2. Код сөзү карта кармоочу телефон боюнча Банкка кайрылган учурда карта кармоочуну идентификациялоо үчүн Банктын жумушчуларына керек.

4.3. Карта кармоочу код сөзүн купуялуу сакташы керек.

## 5. ПИН-код

5.1. Кармоочуга карточка берилгенден кийин анда ПИН-код басылган барагы менен чапталган атайын конверт берилет. Аны алгандан кийин дароо аны ачып, ПИН-коду карап аны эстеп калуу керек, ал эми код жазлыган барак менен конвертти жок кылуу керектигине көрсөтмө берилет.

5.2. ПИН-код Банктын кызматкерлерине белгисиз болот жана карточка менен колдонуу мезгилинде карточка кармоочу аны купуя сакташы керек.

5.3. ПИН-коддун купуялуулугун сактоону камсыз кылуу үчүн айрым эрежелерди сактоо менен колдонуу керек:

- Эгерде, ПИН-код карточка кармоочу тарабынан кайсы бир жерге жазып коюлса, анда карточка менен ошол жазууну өзүнча башка сактоо керек;
- ПИН-коддун цифралар комбинациясын электрондук түзүлүштүн (жабдуунун) клавиатурасынан терилип жаткан учурда кимдир бирөөлөрдүн көрүп калышына жол бербөө керек.

5.4. ПИН-коддун цифраларын электрондук түзүлүштүн (жабдуунун) терилип жаткан учурда дисплейинде атайын көрсөтүлбөйт, алар шарттуу белги менен алмаштырылып көрсөтүлөт. ПИН-кодду терүү учурунда ката кетирүүгө жол бербеш керек, бул абдан маанилүү. ПИН-кодду үч жолу катары менен жаңылыш терилген (бир же ар кайсы электрондук түзүлүш

(жабдуу) менен колдонгон учурда, бардык убактылуу аралыкта) ПИН-кодду терүү аракетинин лимити бүтөт жана карточкалык операцияны андан ары жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк жок.

5.5. Авторизациянын автоматташтырылган режиминде жүргүзүлө турган жана ПИН-кодду терүү менен тастыктала турган карточкалык операциялар, Банк тарабынан ал операциялар карточка кармоочу тарабынан жүргүзүлгөн операциялар катары эсептелет.

5.6. Эгерде, карточка кармоочу ПИН-кодду унутуп калса, анда карточканы алмаштыруу үчүн аны Банкка өткөрүшү керек, себеби карточкалык операцияларды Авторизациянын автоматташтырылган режиминде жүргүзүү мүмкүн эмес.

## 6. Банкоматтар аркылуу ПИН-кодду алмаштыруу схемасы

6.1. ПИН-кодду банкоматтар аркылуу алмаштыруу учурунда төлөм карточкасын кармоочу төмөнкүлөрдү (банкоматтын панелинен тийиштүү кнопкаларды басуу жолу менен) аткарат:

1) банкоматтын менюсуна ылайык тилди тандайт жана колдонуудагы ПИН-кодду терип алат;
2) «КОШУМЧА КЫЗМАТТАР» опциясын тандап алат;
3) ««ПИН-КОДДУ» АЛМАШТЫРУУ» операциясын тандайт;
4) банкоматтын кийинки менюсунан жаңы ПИН-кодду киргизет. Ушул эле учурда банкоматтын менюсунда «(ЖЕКЕЧЕ ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК НОМЕР) ПИН-КОДДУН КУПУЯЛУУЛУГУН САКТАҢЫЗ! ПИН-КОДДУ БАШКА ЖАКТЫН КӨРҮШҮНӨ ЖОЛ БЕРБЕҢИЗ!» деген эскертүү чыгат жана «СИЗДИН ЖАҢЫ ПИН-КОДДУ (КААЛАГАН ТӨРТ ЦИФРАНЫ) КИРГИЗИҢИЗ» деген жазуу чыгат;
5) банкоматтын кийинки менюсунда жаңы ПИН-кодду кайталап киргизет. «(ЖЕКЕЧЕ ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК НОМЕР) ПИН-КОДДУН КУПУЯЛУУЛУГУН САКТАҢЫЗ! ПИН-КОДДУ БАШКА ЖАКТЫН КӨРҮШҮНӨ ЖОЛ БЕРБЕҢИЗ!» деген эскертүү чыгат жана «СИЗДИН ЖАҢЫ ПИН-КОДДУ ТАСТЫКТАҢЫЗ» деген жазуу чыгат;

6.2. Операция ийгиликтүү аяктаган учурда банкоматтын экранында «ПИН-КОДДУ АЛМАШТЫРУУ ИЙГИЛИКТҮҮ АЯКТАДЫ» деген жазуу чыгат жана банкоматтан операциянын ийгиликтүү аяктагандыгын тастыктоочу чек басылып чыгат.

## 7. Карточкаларага коюла турган чектөөлөр

7.1. Банк тарабынан түзүлгөн форма боюнча арызда көрсөтүлгөн колдонуу максатына ылайык, карточкаларга жүргүзүлө турган операциялардын түрлөрүнө карата тийиштүү чектөөлөр коюлат.

7.2. Өкүлчүлүк, командировкалык жана чарбалык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн карточкалар, ИП-коммерсанттар үчүн карточкалар менен жүргүзүлө турган операциялардын түрлөрү менен чектелбейт.

7.3. Карточкаларды кармоочуга жана Банк тарабынан түзүлгөн форма боюнча кардардын арызы Банктын бөлүмүнө берүү жолу менен карточкага карата коюлган чектөөлөр өзгөртүлүшү мүмкүн.

## 8. Карточканы колдонуу

8.1. Банк карточканы тейлөөдө аларга түз контролдоосу бар системалардын жана электрондук түзүлүштүн (жабдуу) үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылат, жана Банктан көз карандысыз себептер боюнча ал токтотулган учурда, аны калыбына келтирүү үчүн мүмкүн болгон бардык чараларды кабыл алат.

8.2. Ушул Ишкерден карточка боюнча тейлөө мүмкүнчүлүгү жөнүндө карточка кармоочуларга билдирүү үчүн бардык ишкерлер Төлөм карточкалар Системасынын логотиби менен болгон көрсөткүчтөр менен камсыздалышат.

8.3. Карточкалык операцияларды жүргүзүү үчүн карточка кармоочу карточканы тейлөө пунктунун (Ишкердин же Банктын) кассирине, же өз алдынча тейлөө режиминде банкомат аркылуу жүргүзөт.

8.4. Кассир, карточканы алып, электрондук терминалдын жардамы менен авторизация жүргүзөт. Кассир карточканы терминалдын эсептегичине салат, клавиатурадан операциянын суммасын терет жана карточка кармоочунун болгон атайын клавиатурадан ПИН-кодду терүү жолу менен операцияны тастыктоосун сунуш кылат. Өтүнүч (сурам) байланыш каналдары аркылуу Банкка келип түшөт. ПИН-код туура терилген учурда жана карт-эсепте акча каражаттар жетиштүү болсо, карт-эсептен операция жүргүзүлгөндүгү тастыкталган эки нускадагы чек басылып чыгат. Чектин бир нускасын кассир карточка кармоочуга тапшырат. Чекте көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын карточка кармоочу текшерет. Кабыл алынган технологияларга жараша, басылып чыккан чек карточка кармоочунун жана кассирдин колдору менен күбөлөндүрүлүшү мүмкүн.

8.5. Кассир карточканы көрсөткөн жактан анын өздүгүн күбөлөндүргөн документин көрсөтүүсүн талап кылууга укуктуу. Документи жок болсо, карточканы берген жакка карточкалык операцияны жүргүзүүдөн баш тартууга кассирдин укугу бар.

8.6. ПИН-коддун туура терилип алынышы, бул эсептен карточкалык операциянын суммасын чыгарып алууга карата карточка кармоочунун тапшырмасы болуп саналат.

8.7. Кассир ушул Эрежелердин 12 бөлүгүнүн шарттарына ылайык кырдаалдар аныкталганга чейин карточканы кармап калууга укуктуу.

8.8. Кредиттик карточканы колдонуу менен Интернет аркылуу товарлардын жана кызматтардын акыларын төлөө же почталык телефондук заказдар боюнча ишкердеги колдонуудагы тартипке ылайык тартипте жүргүзүлөт. Ишкер төмөнкү маалыматтарды сурап талап кылууга укуктуу: кредиттик карточканын номерин, аны кармоочунун фамилиясын, атын, картанын CVV2-кодун же CVC2-кодун талап кылууга укуктуу.

8.9. Эгерде карточканын колдонулуу мөөнөтү аяктаган датадан тартып бир айдын ичинде ал кайрадан чыгарылбаса, Банк карточканы жаап коюуга укуктуу.

8.10. Банк карточкалар боюнча көз боемочулуктардын тобокелдиги жогору болгон өлкөлөрдө жана төлөм карточкаларынын Alerts эл аралык системаларынан кооптуу билдирүүлөрдү алган учурда тейленүүчү кардарлар менен иштерди жүргүзөт.

## 9. Накталай акча каражаттарды алуу үчүн карточканы колдонуу

9.1. Карточканы колдонуу менен накталай акча каражаттарды алуу, төлөм карточкалар системасынын мүчө-банктары же банкоматтардын жардамы менен накталай акча каражаттарды берүү пункттарынан жүргүзүлөт.

9.2. Эреже боюнча, накталай акча каражаттар келген өлкөнүн валютасындагы карточка боюнча берилет. Айрым өлкөлөрдө карточка боюнча накталай акча каражаттарды берүүнүн суммасы жана максималдуу суммасы мыйзам тарабынан чектелген болушу мүмкүн.

9.3. Төлөм карточкалар Системасынын эрежелери боюнча накталай акча каражаттарды берүү пункту карточка боюнча накталай акча каражаттарды бергендиги үчүн карточка кармоочудан кошумча сыйлык акы (Банктын Тарифтерине кирбегендер) кармап калууга укугу жок. Сыйлык акылардын ушундай түрү үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

9.4. Карточканы колдонуу менен накталай акча каражаттарды алуу, төлөм карточкалар системасынын мүчө-банктарынын накталай акча каражаттарды берүү пункттарында авторизациялоонун автоматташтырылган режиминде жүргүзүлөт.

9.5. Банкоматтын жардамы менен накталай акча каражаттарды алуу, карточка кармоочу тарабынан өз алдынча тейлөө режиминде жүргүзүлөт. Карточкалык операция аяктагандан жана банкоматтан банкоттор алынгандан кийин чек басылып чыгат. Карточка кармоочуга тийиштүү маалымат купуялуу болгондуктан басылып чыккан чекти ал өзү менен кошо ала кетиши керек жана аны банкоматтын жанына эч качан калтырбаш керек.

9.6. Колдонуудагы карточка менен ПИН-код туура терилип алынган учурда карточкалык операция төмөнкү себептер боюнча четтетилиши мүмкүн:

– суралган сумма банкоматтын кассеталарындагы банкноттор менен берүүгө мүмкүн эмес болсо;
- суралган сумма банкоматтын накталай акча каражаттарды берүү түзүлүшүнүн габарити менен аныктала турган, бир жолку берүү лимитинен ашык болсо. Суралган сумманы бөлүктөргө бөлүштүрүп, операцияны бир нече жолу кайталоо керек;

9.7. Банкомат менен иштөө учурунда, кайтарыла турган карточка же бериле турган банкноттор 20 секунддун ичинде карточка кармоочу тарабынан алынбаса, коргоо системасы иштеп кетет да, кардарга берилген карточка жана банкноттор банкоматтын ичине кайра тартылып киргизилип кетет, жана банкоматтын ичиндеги атайын бөлүкчөдө кармала тургандыгын эстеп жүрүү керек. Мындай учурларда, карточканы аны кармоочуга кайтаруу, карточканын кандай себеп менен кармалып калгандыгын аныктоодон кийин жана эмитенттен консультация алгандан кийин гана ошол банкоматка тейлөө жүргүзүүчү жергиликтүү банк тарабынан берилет, ал эми иш жүзүндөгү авторизация боюнча карт-эсептен эсептен чыгарылган карточкалык операциянын суммасын (же анын алынып калган бөлүгүн) калыбына келтирүү, банкоматты кайрадан инкассациялоодон жана накталай акча каражаттардын алынбаган суммасын тактагандан кийин гана берилиши мүмкүн. Карточка кармоочу ошол банкоматты тейлөөчү жергиликтүү банк менен сүйлөшүүлөрдө колдоо алуу үчүн Банкка кайрыла алат.

9.8. ПИН-кодду туура эмес терип алган учурда же суралган сумма карт-эсептеги акча каражаттардын суммасынан ашык болсо, банкоматтын дисплеинде тийиштүү билдирүү чыгат жана операция четтетилет.

9.9. Банкоматта карточканын же накталай акча каражаттардын кармалып калган себеби карточка кармоочу Банкка оозеки (телефон боюнча) же жазуу жүзүндө кайрылгандан кийин 5 (беш) банктык күндүн ичинде Банк тарабынан аныкталат.

9.10. Банктын банкоматтары аркылуу бир суткада бериле турган суммасынын максималдуу өлчөмү Банктын ички документтери менен аныкталат. Муну менен бирге карточканы кармоочу ал Банкка жазуу жүзүндөгү тийиштүү арызы менен кайрылгандан жана ага кол коюлгандан кийин Банктын банкоматтары аркылуу бир суткада бериле турган суммасынын максималдуу өлчөмүнүн ошол чектөөсүн алып кое алат. Же башка банктардын банкоматтары аркылуу бир суткада бериле турган суммасынын максималдуу өлчөмү, банкомат ага таандык банк тарабынан түзүлөт.

9.11. Ишкердеги товарлардын жана кызматтардын акысын төлөө үчүн жүргүзүлгөн операциянын суммасы эсепте болгон акчаларын суммасы менен чектелет.

## 10. Ишкердин товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн акысын төлөө үчүн карточканы колдонуу

10.1. Төлөм карточкалар Системасынын эрежелери боюнча Ишкер накталай эсептешүүлөрдү салыштыруу боюнча карточканы төлөөгө кабыл алуу учурунда, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын жогорулатууга укугу жок. Ушундай учурлар табылгандыгы жөнүндө карточка кармоочу Банкка билдириши керек.

10.2. Картокалык операция авторизациялоонун автоматташтырылган режиминде жүргүзүлөт.

10.3. Карточка кармоочу карточка боюнча сатып алган буюмдун төлөнгөн акысын кайтарып алууга же карточка боюнча алдын ала акысы төлөнгөн кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга, мисалы, сатылып алынган авиабилетти өткөрүүдөн баш тартууга укуктуу. Ал үчүн карточка кармоочунун талабы боюнча жана тейлөө Ишканасынын макулдугу менен кассир тарабынан «сатып алууну кайтаруу» операциясы жүргүзүлөт. Сатып алуунун суммасын накталай акча каражаттар менен кайтаруу каралган эмес.

10.4. Сатып алган буюмду кайра кайтаруу, Авторизация жүргүзүүдөн жана сатып алуунун суммасы карт-эсептен чыгарылгандан кийин жүргүзүлүшү мүмкүн. Кайтаруу операциясын жүргүзүү үчүн кассир, ага Ишкананын кассири кол кое турган, атайын чекти басып чыгуу

менен атайын электрондук терминалдын («reversal») атайын функциясын ишке киргизет. Ушул эле учурда, карточкалар боюнча кайтаруу операциясын жүргүзүү жөнүндө маалыматтарды төлөм карточкалар Системасынан Банк алгандан кийинки банктык күнү карточка кармоочунун карт-эсебине которуу аркылуу калыбына келтирилет. Бул кырдаалды, карточка боюнча жеткиликтүү сумманы эсептөө учурунда эсепке алынат.

## 11. Карточкага бөгөт (блок) коюу

11.1. Карточка кармоочу тарабынан карточкалык оперциялардын санкцияланбай жүргүзүү коркунучу жаралган учурда Банк убактылуу бөгөт (блок) коюу укугун өзүнө калтырат. Убактылуу бөгөт коюу үчүн негиздерди Банк өз кароосу боюнча аныктайт.

11.2. Эсептик/карточкалык эсептерге төмөнкү учурларда бөгөт (блок) коюуга жатат:

1) милдеттенмелери аткарылбаса жана зайымдар боюнча мөөнөтү өткөн карыздарга байланыштуу, эгерде, карыз алуу келишиминде эсептик/карточкалык эсептерге бөгөт (блок) коюу боюнча Банктын укугу каралса;

2) Келишимде каралган милдеттенмелери аткарылбаган учурда, Келишимде эсептик/карточкалык эсептерге бөгөт (блок) коюу боюнча Банктын укугу каралса;

3) эгерде, кардардын эсептеги/карт эсептеги болгон акчаларына камак салынган учурда, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кардардын эсеп/карт эсеп боюнча чыгаша операциялары токтотулган учурда;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын ичинде «Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди мыйзамдаштырууга (чыгарып кетүүгө) жана терроризмди каржылоого каршы иш-аракеттер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, башка учурларда.

11.3. Блок (бөгөт) коюуга, тондуруп коюуга, же операцияны токтотуп коюуга төмөнкү карточкалар дуушар болот:

1) карточка жоголгон, уурдалган же санкциясыз колдонулган учурда;

2) кардар/карта кармоочу Келишимде каралган өзүнүн милдеттенмелери аткарбагандыгы/талаптагыдай эмес аткарылгандыгы Банктын кызматчылары тарабынан аныкталган учурда;

3) кардар/карточка кармоочу тарабынан карточканы колдонуунун эрежелеринин бузулгандыгы Банктын кызматчылары тарабынан аныкталган учурда;

4) карточканы колдонуу менен фродо-кооптуу өлкөлөрдө карточкалык операциялар жүргүзүлгөн учурда;

5) эсептешүү/карточкалык эсепке акчалар жаңылыш которулган учурда;

6) «Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди мыйзамдаштырууга (чыгарып кетүүгө) жана терроризмди каржылоого каршы иш-аракеттер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарында каралган учурларда.

11.4. Эсептешүү/карточкалык эсепке блок (бөгөт) коюу, тоңдуруп коюу, же операцияны токтотуп коюу төмөнкү негиздерде жүргүзүлөт:

1) ыйгарым укуктуу органдар тарабынан коюлган талаптардын, үчүнчү жактар, экинчи деңгээлдеги банктар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүргүзүүчү уюмдар тарабынан коюлган кардардын эсебине карата төлөм талаптары. Эсептешүү/карточкалык эсепке блок (бөгөт) коюу боюнча жол-жоболору Банктын ички документтерине ылайык жүргүзүлөт;

2) карыздар боюнча милдеттенмелери кардар тарабынан бузулса – автоматтык түрдө;

3) кардар тарабынан Келишимге ылайык же карточканы колдонуу Эрежелеринин милдеттенмелери бузулса. Блок коюу (бөгөт) филиалдын жооптуу кызматчысынын кызматтык катынын негизинде жүргүзүлөт. Мындай учурда эсепке убактылуу бөгөт (блок) коюлат.

4) «Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди мыйзамдаштырууга (чыгарып кетүүгө) жана терроризмди каржылоого каршы иш-аракеттер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарында каралган учурларда.

11.5. Карта кармоочу тигил же бул карточкалык операциялар боюнча легитимдүүлүк денгээлин (аларга кардардын катышкандыгын же катышпагандыгын) аныктоо үчүн анын Банк менен болгон оперативдүү байланышын камсыз кылат.

11.6. Карточка жоголгон же уурдалган учурда дароо Банктын Байланыш (Контакт)-борборуна же жайгашкан жери боюнча Банктын каалаган филиалына оозеки же жазуу жүзүндө карточкага бөгөт коюу талабы (мындан ары - талап) менен кайрлышы керек, ал эми карта кармоочунун Банк менен байланышууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, - бардык жергиликтүү банкка – төлөм карточкалар системасынын катышуучусуна кайрылуу керек.

11.7. Талапта карта кармоочунун фамилиясы, аты, атасынын аты (андайы болсо) көрсөтүлөт, жана мүмкүн болушунча кошумча маалыматтар: анын туулган күнү, жылы, код сөзү, карточканын номери жана колдонулуу мөөнөтү, ошондой эле блок коюлган себебинин көрсөтүлүшү максатка ылайык келет. Байланышуу үчүн маалыматтарды - дарегин жана телефон номерин көрсөткөнү жакшы болот.

11.8. Банктын Байланыш (Контакт)-борборунун телефондору: Бишкек ш. - +996 (312) 901141, 323843 (Бишкек убактысы боюнча күн сайын 9 дан 18.00 чейин); Алматы ш. - +7(727) 2-590-777, 2-590-000, 2-590-373 (күнү-түнү); телеграммалар үчүн почталык дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 390, «Халык Банк Кыргызстан» ААК, Карточкалык продукттар башкармалыгы.

11.9. Авторизациянын облустук жана региондук борборлорунун телефондорун жана даректерин жайгашкан жери боюнча Банктын филиалына кайрылып тактап алууга болот.

11.10. Банктын Байланыш (Контакт)-борборуна талапты анын убакытын көрсөтүү менен атайын журналга каттайт жана андан ары аны төлөм карточкалар системасына берет.

11.11. Банктын Байланыш (Контакт)-борборунда талап документалдуу катталгандан кийин 6 (алты) саат өткөндөн кийин карточкага коюлган блок (бөгөт) күчүнө кирет.

11.12. Карта кармоочу карточкага коюлган блок (бөгөт) күчүнө киргенге чейин жүргүзүлгөн карточкалык операциялар үчүн жоопкерчиликте болот жана карточкага коюлган блок (бөгөт) күчүнө кирген мезгилден тартып ал андан бошотулат.

11.13. Оозеки берилген талап, 2 (эки) банктык күндүн ичинде жайгашкан жери боюнча Банктын филиалына бериле турган карта кармоочунун жазуу жүзүндөгү арызы менен тастыкталат. Карта кармоочу чет өлкөдө жүрсө, же башка себептер боюнча Банкка көрсөтүлгөн мөөнөттө келе албаса, карта кармоочу үч саат өткөндөн кийин Банктын Байланыш (Контакт)-борбору менен кайталап байланышат жана чет өлкөдөн келгенден кийин же биринчи эле мүмкүндүк пайда болгон учурда, талапты тастыктоочу жазуу жүзүндөгү арызды Банкка берет.

11.14. Банктын Байланыш (Контакт)-борборуна телефон боюнча кайрылган учурда, мүмкүн боло турган бардык талаш-тартыш абалдары жаралса, аларды талдоо үчүн ал кайрылуулар магниттик маалыматты алып жүрүүчүдө катталат.

11.15. Банктын филиалына же төлөм карточкалар системасынын каалаган катышуучусуна талап берилген учурда, ошол филиал тарабынан же карта кармоочунун атынан төлөм карточкалар системасынын катышуучусу тарабынан берилген талап Банктын Байланыш (Контакт)-борборунда катталгандан кийин карточкага коюлган блок (бөгөт) күчүнө кирет.

11.16. Талап карта кармоочудан келген болуп эсептелет жана карточкага коюлган блоктун (бөгөттүн) кесепеттери үчүн дооматтар Банк тарабынан кабыл алынбайт.

11.17. Карта кармоочунун жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде карточкага блок (бөгөт) коюлгандан кийин Банк тарабынан эсеп боюнча жаңы номер жана жаңы ПИН-коду менен жаңы карточка чыгарылат.

11.18. Карточканы сактоодо карта кармоочу тарабынан шалаакылыкка жол берилген учурда же карточкага блок (бөгөт) коюлгандан кийин деле ПИН-коддун купуялуулугун сактабаган учурда, ошондой эле карта кармоочунун атайылап укукка каршы жүргүзгөн иш-аракеттери аныкталган учурда, карта кармоочуга карата жоопкерчилик чарасын аныктоо боюнча укугун Банк өзүнө калтырат.

11.19. Мурда жоголгон деп арыз берилген карточка табылган учурда карта кармоочу ал тууралуу дароо Банкка билдириши керек, андан кийин Карточканы Банкка кайтарышы керек.

## 12. Карточканы кармап калуу/алып коюу

12.1. Карточка ишкер тарабынан кармалып калуусу/алынып коюлушу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:
- карточкага бөгөт коюлган болсо;
- карточканы көрсөткөн жак аны кармоочу болуп саналса;
- карточканын колдо жасалгандыгы боюнча ачык белгилери табылса;
- карточкалык операцияны жүргүзгөндөн кийин карта кармоочу карточканы ишкердикинде унутуп калса;
- карта кармоочу келишимде каралган өзүнүн милдеттерин аткарбаган учурда;
- картаны колдонуунун эрежелерин бузуулар болсо;
- картанын колдонулуу мөөнөтү аяктаса;
- банктык эсеп ачуу жөнүндө келишимди бузган учурда;
- төлөм системаларынын эрежелерине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык учурларда.

12.2. Карточканы кармап калуу/алып коюу, банкомат, Ишкердин кассири же Банктын коопсуздук кызматкери тарабынан жүргүзүлөт. Карточканы кармап калуу/алып коюу учурунда (анын банкоматта кармалып калгандан башка учурда) тийиштүү акт түзүлөт.

12.3. Карта кармоочу Банкка же төлөм карточкалар Системасынын жергиликтүү болгон мүчө-банкына оозеки (телефон боюнча) же жазуу жүзүндө кайрылган күндөн кийинки банктык күндөн кечикпей Банк тарабынан карточканы кармап калуу/алып коюунун себеби аныкталат.

12.4. Кармалып калган карточканы кайтаруу, жергиликтүү банк же Банктын (кармалып калган/алынып коюлган карточка Банкка жеткирилген учурда) тийиштүү чечими кабыл алынгандан кийин карточка кармоочунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча Банк тарабынан карточка кармоочунун түз өзүнө берилет.

12.5. Картаны тейлөө токтотулган учурда эмитент ал тууралуу келишимде белгиленген тартипте карта кармоочуга билдириши керек.

12.6. Карта жоголгондугу, уурдалгандыгы же ал санкциясыз колдонулгандыгы жөнүндө карта кармоочудан арыз келип түшкөн жана эмитентке билдирилген учурда эмитент картанын реквизиттерин стоп-барак системасына киргизиши керек.

12.7. Карта жоголгондугу, уурдалгандыгы же ал санкциясыз колдонулгандыгы жөнүндө карта кармоочу тарабынан арыз берүүнүн жана эмитенттке билдирүүнүн мөөнөттөрү жана ыкмалары келишимдин шарттары менен түзүлөт. Арызды өз убагында берүү үчүн карта кармоочу жоопкерчиликте болот. Ошондой арыз берилген мезгилден тартып жоголгон же уурдалган банктык картаны колдонуу менен болгон бардык операциялар боюнча жоопкерчилик эмитентке жүктөлөт.

12.8. Эмитент төмөнкү учурларда банктык картаны кармоочунун алдында жоопкерчилик тартпайт:
- эгерде карта кармоочу картаны жана ПИН-кодду колдонуу боюнча алардын ортосунда түзүлгөн келишимдерде бекитилген эрежелерди жана жол-жоболорду бузса;
- карта кармоочу тарабынан укукка каршы иш-аракеттер жүргүзүлсө.

12.9. Бардык талаш-тартыш маселелери боюнча эмитент карта кармоочунун суроо-талабы боюнча ага толук маалыматты, анын ичинде төлөм системасынын процессингдик борборунан, карта кармоочунун эсебинен акча каражаттарды эсептен чыгаруунун укуктуулугун тастыктоо үчүн жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча толук маалымат бериши керек.

12.10. Бул талап, магниттик тилкеси менен болгон картаны колдонуу менен болгон операцияларга жана көп факторлуу аутентификация менен корголбогон электрондук коммерция операцияларына таркатылбайт.

## 13. Карточканын колдонулуу мөөнөтү, карточканын колдонулушун убактылуу токтотуу жана толук токтотуу

13.1. Карточкада анын колдонулуу мөөнөтүнүн аяктоочу датасы (жылы жана айы) көрсөтүлөт, анда көрсөтүлгөн акыркы күнгө чейин карточка жарактуу болуп эсептелет.
13.2. Банк жаралган талаш-тартыш абалдар жөнгө салынганга чейин мөөнөтү өтүп кеткен карточкага бөгөт коюп, андан кийин 10 банктык күндүн ичинде ал жөнүндө карточка кармоочуга билдирүү менен карточкага бөгөт коюуга укуктуу.
13.3. Карточканы колдонуудан баш тарткан учурда карта кармоочу тийиштүү жазуу жүзүндөгү арызы менен Банкка кайрылууга жана карточканы Банкка өткөрүүгө милдеттүү.

## 14. Карточканы алмаштыруу

14.1. Карточка кармоочу тарабынан карточканы алмаштыруу жана акысын төлөө, Тарифтерге ылайык карточканы алмаштыруу үчүн сыйлык акы төлөө менен төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:
– карточка жоголгон/уурдалган болсо;
– ПИН-коддун купуялуулугу ачыкка чыкса/унутулуп калса;
– карточка бузулса (магнити иштебей калса, чийилип калса, сынып калса, банкомат/POS-терминал маалыматты окуй албай калса) жана аны андан ары иштетүү мүмкүн эмес болсо;
– карточка кармоочу өзүнүн фамилиясын/атын өзгөртсө.

14.2. Карточканы алмаштыруу төмөнкү учурларда акысыз жүргүзүлөт:
– карточканын колдонулуу мөөнөтү аяктагандыгы боюнча;
– ПИН-код түшүнүксүз басылып жазылган болсо;
– карточкада көрсөтүлгөн аты жана/же фамилиясы, карточка кармоочунун арызында көрсөтүлгөн атына жана/же фамилиясына, өздүгүн күбөлөндүрүүчү документине салыштырганда туура келбесе;
– карточка боюнча биринчи операцияны жүргүзүү учурнда банкомат же POS-терминал карточкадагы магниттик тилкесиндеги маалыматты окуй албаса;
– карточканы Банктын демилгеси боюнча алмаштыруу учурунда;
– карточканы Банктын демилгеси боюнча алмаштырган учурда төмөндө көрсөтүлгөн учурларда гана карточканы жаңы номерди жана ПИН-кодду таандыктап берүү менен жаңы карточкага алмаштырылат:
  – карточка кармоочу фродо-кооптуу өлкөлөргө барып келгенден кийин;
  – Visa/Mastercard Alerts билдирүүлөрүн алгандан кийин;
  – күмөндүү операцияларга карата карточкаларга мониторинг жүргүзүү учурунда табылгандын натыйжасында.

14.3. Карточканы алмаштыруу, карточа кармоочунун жазуу жүзүндө Банкка берилген арызынын негизинде жүргүзүлөт.

## 15. Талаш-тартыштарды жөнгө салуу

15.1. Карта кармоочуга карт-эсептеги акча каражаттардын чыгашаларын эсепке алуу үчүн жана мүмкүн боло турган талаш-тартыштарды жөнгө салуу үчүн чектерди сактоо сунушталат.
15.2. Карта кармоочуга бериле турган айлык көчүрмөнү, кошумча көчүрмөнү, ошондой эле башка документтердин көчүрмөлөрүн, анын ичинде акчалардын эсептен туура чыгарылгандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрүн Банк тарабынан берүүсү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Банктын ички эрежелери, анын ичинде тарифтер менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

15.3. Карточка кармоочу бардык талаш-тартыштар боюнча жазуу жүзүндөгү өтүнүчү менен Банкка кайрылат, анда дооматтар кабыл алынса, төлөм карточкалар системасынын алдында карта кармоочунун атынан чыга алат. Төлөм карточкалар Системасынын Эрежелеринде талаш-тартыш карточкалык операциясын кароо боюнча мөөнөтүнүн убакыты – ал жургүзүлгөн күндөн кийин 45 (кырк беш) күн болуп түзүлгөн. Дооматтын негизделген учурунда Банк карт-эсеп боюнча карточкалык операциянын суммасын калыбына келтирет. Дооматтын негизделбеген учурунда төлөм карточкалар Системасы тарабынан айып санкциялары белгиленет, алар карточкалык операциянын талаштуу суммасынан ашык болушу да мүмкүн. Банк дооматтын негизделбеген суммасын жана айыптын суммасын жана негизделбеген дооматтын суммасын карточка кармоочунун макулдугусуз эле эсептен түз дебеттеп чыгарып алуу жолу менен эсептен чыгарып алууга укуктуу.

15.4. Төлөм карточкасы жоголгондугу, уурдалгандыгы же санкциясыз колдонулгандыгы жөнүндө кардардын билдирүүсү күчүнө киргенден кийин Банк тарабынан санкциясыз төлөм жүргүзүлгөн учурда, ошондой төлөм жөнүндө кардардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусун Банк 15 (он беш) календарлык күндөн ашык эмес мөөнөттө карайт. Зарыл болсо, бул мөөнөт узартылышы мүмкүн, бирок кайрылууну кароо мөөнөтү кардардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусун алган күндөн тартып 30 (отуз) календарлык күндөн ашпашы керек. Кардар санкциясыз жүргүзүлгөн төлөмдү негиздөө үчүн документтерди, маалыматтарды Банкка берүүгө укуктуу, ошондой эле санкциясыз жүргүзүлгөн төлөмдү тергөө учурунда көмөк көрсөтүүгө укуктуу. Эгерде, санкциясыз төлөм жүргүзүүгө кардардын, карта кармоочунун катышкандыгы же көмөктөшкөндүгү аныкталбаса, анда Банк кардарга акчаларды кайтаруу жөнүндө чечими кабыл алынган күндөн тартып 15 (он беш) банктык күндөн кечикпеген мөөнөттө санкциясыз жүргүзүлгөн төлөмдүн суммасын кардардын эсебине которот жана кардардын тандоосу боюнча санкциясыз төлөм жүргүзүлгөн күндөн тартып акчалар кайтарылган күнгө чейин чоочун адамдын акчаларын укуксуз колдонгондугу үчүн айып төлөйт, ал айып төлөм санкциясыз жүргүзүлгөн күнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын рефинансылоодогу расмий чени боюнча төлөнөт же кардарга санкциясыз жүргүзүлгөн төлөмдүн төрттөн бир суммасынан ашык эмес өлчөмдөгү чыгашаларды калыбына келтирет.

15.5. Ушул Эрежелердин 15.3. жана 15.4. пункттарында каралгандан тышкары, кардардын башка дооматтарын жөнгө салуу үчүн келишимдин колдонулуу мөөнөтүнүн ичинде кардар, ошол дооматта кардардын талаптарын тастыктоочу документтерди жана маалыматтарды берүү менен жазуу жүзүндөгү доомат менен Банкка кайрылууга укуктуу. Кардардын дооматы, аны кароо үчүн кошумча маалыматты же кошумча текшерүүнү алуу талап кылынбаса, Банкта доомат алынган күндөн тартып 15 (он беш) календарлык күндүн ичинде каралат.

Кардардын дооматы, аны кароо үчүн кошумча маалыматты же кошумча текшерүүнү алуу талап кылынса, Банкта доомат алынган күндөн тартып 30 (отуз) календарлык күндүн ичинде каралат жана ал боюнча чечим кабыл алынат.

Каралган доомattын жыйынтыгы жөнүндө Банк тарабынан доомат боюнча чечим кабыл алынган мезгилден тартып 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде кардарга билдирилет.

Эгерде, Банк кардардын дооматын негизделген деп тааныса, жана анда Банк тарабынан чыгымдарды төлөө каралса, Банк кардар менен макулдашуу боюнча кардарга чыгымдарды төлөп берет же тараптар дооматты башкча ыкма менен жөнгө салышы мүмкүн. Чыгымдарды калыбына келтирүү үчүн акчалар, кардардын дооматын Банк менен кардар жөнгө салган күндөн тартып 3 (үч) банктык күндүк мөөнөттүн ичинде Банк тарабынан анын эсебине которулат.

**Ушул Эрежелер банктык төлөм карталарын чыгарууга жана тейлөөгө карата Келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Карта Кармоочулар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылышы керек.**